# ЖЕҢИШ ТААЛАЙБЕКОВ - САМАП КЕЛЕМ

с. Жылдызбек Турсунбаев
о. Нурлан Насип

Каштары иймек, чачы кундуздай,
Карашы кымбат, көзү жылдыздай.
Аккуудай назик, басса көйкөлүп,
Ажарың арбайт пери бир кыздай.

**КАЙЫРМА:**
*Астыртан койсоң карап,*
*Ашыктык сезим жанат.*
*Арбалып жамалыңа,*
*Ансайын келем самап.*

*Сыр бербей койсоң карап,*
*Сыйкырлуу сезим жанат.*
*Супсулуу жамалыңа,*
*Суктанып келем самап. (2 жолу)*

Жылмайса жүзү кышты жаз кылат,
Жылаажын үнү көңүл азгырат.
Жактырып сени, сүйүп жүргөнүм,
Жашоодо кайгы-муңду аз кылат.

**КАЙЫРМА:**